## “Үч чүрек”

Тагдыр мага татаал сыноо буйруптур,

Өчөшкөнсүп өзгөчө дил буруптур.

Чыга калсам чыр эткенин конгуроо,

Бир эмес үч кыз күтүп туруптур.

Кайырма:

Дүкүлдөп согот үч чүрөк,

Үшкүрөт эле үшкүрөт.

Кимисин тандайм билбедим,

Кимиси сүйөт күчтүүрөк.

Мерседесин тиктеп бири жылмаят,

Өскөн чачын сылап улам жылмалап,

Экинчиси сулуу экен бах чиркин,

Эки бети жылма кудум жылгаяк.

Кайырма:

Дүкүлдөп согот үч чүрөк,

Үшкүрөт эле үшкүрөт.

Кимисин тандайм билбедим,

Кимиси сүйөт күчтүүрөк.

Үчүнчүсү тээ алыстан келиптир,

Мөңгүлөрдөн чоң гүл десте териптир,

Четте турат көздөрүнөн от жанып

Өңдөн азган далай азап чегиптир

Кайырма:

Дүкүлдөп согот үч чүрөк,

Үшкүрөт эле үшкүрөт.

Кимисин тандайм билбедим,

Кимиси сүйөт күчтүүрөк.

Үч кызымды эми кантип сынайын,

Чын сезимин кимден кайдан сурайын?

Айткылачы араңарда билгендер ?

Кимисине жүрөгүмдү сунайын?

Кайырма:

Дүкүлдөп согот үч чүрөк,

Үшкүрөт эле үшкүрөт.

Кимисин тандайм билбедим,

Кимиси сүйөт күчтүүрөк.